# МАНАС

Айкөл Манас кабылан,
Телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле,
Жан жаралып адамда
Жакында болбойт деги эле
Көркөмү бөлөк көзү тик,
Сакалы саадак кагындай,
Оозунан чыккан илеби
Көркөмү көрүк жалындай,
Толкуп өткөн жагына
Тоо туруштук бергисиз.
Кыймылдап турган жагына
Кылым чыдап келгисиз,
Кыйшайтып душман жеңгисиз.
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Көк аска тоодой көрүнүп,
Себили сексен төрт болуп,
Серп алган жагы өрт болуп,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын
Салкынынан бүткөндөй.



Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиден мындай шумдук жок.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынган,
Кайыптан акыл табылган,
Кыраандын баарын жыйнаган,
Кыйкырган каарлуу душманы
Бет алган сайын кыйраган.
Кастарын тиккен душманы
Качыралбай сойлогон.
Каарын уккан каттабай.
Какандын журту кологон.
Окчонтой огун сологон,
Оодарышам деп келип
Мыктуусунган сологон.
Жалгыз жаны кырк болгон,
Эбегейсиз эр болуп,
Эр уулу менен тең болгон.

Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең болгон.
Ак калпак кыргыз журтуна
Ала-Тоодой бел болгон.
Айбатынан жан чыгып,
Каарды катуу баштаган.
Ак калпак элден кубалап,
Түп-тамырын куйкалап,
Түгөл сууруп таштаган.
Аркайып жаткан Ала-Тоо
Ала-Тоону жер кылган.
Ак калпак кыргыз мураа журт
Желп этип жел тийгизбей,
Жетик мураа эл кылган.
Булуңдуу токой чер болгон,
Кармашка келген каарлуу
Кара жер менен тең болгон.
Бет алышкан душмандын
Канча бири мерт болгон.
Сан колду жалгыз баштаган,
Найзалашкан душманды
Быт-чыт кылып таштаган.
Туюк жерге жол салган,
Айбаты бөлөк, заары күч,
Ай-ааламды шаштырган,
Алдындагы чоң кула ат,
Алчактата бастырган.
Эбегейсиз эрдиги
Ай-ааламга билинген,
Канкор бурут экен деп,
Каршылашкан калмактар
Как ушундай атаган.
Каарланып аттанган,
Бир атагы какандын

Бөдөйүнө катталган.
Эбегейсиз эрдиги
Жер жүзүнө билинген,
Кайратына чыдабай,
Кан Коңурбай, чоң калча
Кайран жандан түңүлгөн.
Беттешип найза суналбай,
Жакындашып келе албай,
Жаңжүңдүн эли бүлүнгөн.
Беттешип душман келе албай,
Беттешкендер мерт болгон.
Таалайы артык, багы күч,
Мындай адам болбогон,
Чоң Алтайдан туулган,
Атагы элге угулган.
Ойноо бала кезинде
Калмакка салган чуулган.
Жолобой качып Жолой хан
Кечилдин баары кейиген.
Кочкунун баары кологон,
Койгулашып кеткендин
Бирөө калбай сойлогон.
Айбатталып октолгон
Ачуусуна тийген жан
Күл-талкан болуп жок болгон.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Өлгөн сайын күчөгөн.
Өкүм Манас шер ошол.
Айбаты кыйын, заары күч,
Айкырганын кылган түз.
Себили сексен төрт болгон,
Серп алган душман жок болгон.
Суу ич десе, уу ичкен,



Бөрк ал десе, баш кескен,
Жан жоокери кырк болгон.
Басканы келген зордукчу,
Манаска келип түз болгон.
Ак марал айдап уй кылган,
Ачууланган душманды
Айдап жүрүп буй кылган.

## БАКАЙ

Байдын уулу Бакайдын
Бал менен оозун чайкаган,
Жакшылык менен жамандык
Алыстан көрүп байкаган.
Астыга салган ак жолтой,
Артында жүрсө сан колдой,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Ыраакы менен жакындын
Эки ортосун болжогон.
Кыйшайганды оңдогон,
Кыйшыкты түзөп болжогон,
Кылт эттирбей Манасты
Кыйын жолдо оңдогон.
Көзү көрөт алыстан,
Көк жал Бакай даанышман.
Көз кайкыган байгеден
Жеке чыгат жарыштан.
Олуя болуп оолуккан,
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Абам Бакай экен деп,
Көргөн адам жыргаган.
Айкөл Манас шеринин



Таалайына табылган,
Сайып жүрүп бак кылып,
Салып жүрүп там кылып,
Ак калпак кыргыз элине
Эрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган.
Астыга салса ак жолтой,
Аркага салса сан колдой.
Эрлиги жанга сынаакы,
Эл ичинде мураапы,
Караны артык, заары күч,
Кап тоосундай көрүнгөн,
Кирпиги узун, өңү түз,
Таалайы артык Бакайга
Бет алды адам келбеген,
Бакайда акыл бепбелен,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келбети күч эр Бакай,
Кабагы бийик, өзү зор,
Муруну тоонун буткулдай,

Айласы артык эр Бакай,
Кез болгонду жуткундай,
Төшү жайык чалкайып,
Айласы артык бөлүнүп,
Ал аска тоодой көрүнүп,
Кара кылды как жарган
Кара көкжал эр ошол,
Добул келсе жел тийбес,
Доочуларга мал бербес,
Ырыстуу Бакай карыя
Ааламдын баарын оңдогон,
Так ошондой олуя.

## АЛМАНБЕТ

Алтын айдар, чок белбоо,
Азиз хан уулу Алманбет,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Чалгынга жүрсө чарчабайт,
Оорукка калса орунбайт,
Ишти билет алыстан,
Эң билгичил даанышман.
Айкөл Манас көк жалдын
Астына салса ак жолтой,
Артында жүрсө сан колдой,
Акылга дыйкан даанышман,
Келген жыргал, азапты
Байкап билет алыстан.
Жетик мүшкүл иш болсо,
Жеке чыгат жарыштан.



Ок өтпөгөн суп тонду
Кийип келген эмеспи,
Бежиндеги алтын так
Минип келген эмеспи.
Кара жанга күч келсе,
Булуттун баарын буруучу,
Буй түшүргөн шыбыргак
Душманды минтип кыруучу.
Бээжиндеги аңгеме,
Сырын билген эмеспи,
Алоокенин Коңурбай
Чырын билген эмеспи,
Кечээ Алманбет чалгын барганда
Эрмеги Сыргак баланы
Жолдош кылып алганда,
Кечээ Алоокенин Коңурбай
Көк күбөнү жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргудай.
Көркөмү башка, заары күч
Көрсөң калча момундай.
Жүрүмүнөн чаң чыгып,
Каарынан жан чыгып,
Качырып калча келгенде
Адис балбан Алманбет
Зың, зың этип кенебей,
Алыша жүргөн душман деп,
Калчаны бучкагына теңебей:
Түрү суук душманга
Катуулап найза сунайын.
Кайран кыргыз журтумду
Каарын төккөн душмандан
Ажыратып калайын.



Ала-Тоо артык жер үчүн
Ак калпак кыргыз эл үчүн
Жанымды курман кылайын.
Каарланган душмандын
Кайраты канча көрөйүн,
Кабырга сөөгүн сөгөйүн.
Чексиз жинин кагайын,
Мунун бир эсебин табайын.
Мына ошондо Алманбет
Кылычты кыя байланып,
Эр жагына шайланып,
Уңгусу болот, учу курч
Сыр найзага камданып,
Каалап берген доолбас
Алтын жаак ай балта
Ала коюп имерип,
Ортого тартып жиберип
Күрпүлдөтө урду эми,
Кан Коңурбай баатырга
Айкырып найза сунду эми,

Ай Сарала бууданга
Оң-тетири камчы уруп
Турбай найза сунду эми,
Алгара оозун бура албай,
Жекеге чыдап туралбай
Калчаны кудай урду эми,
Акылынан шашты эми,
Сан колун көздөй качты эми,
Алманбеттин шер экени билинди,
Эр Коңурбай кайран жандан түңүлдү.
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Коңурбай качып кетти бой бойлоп.
Эңкейишке киргенде
Алгара чуркайт закымдап,
Өр таяна бергенде
Кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин буудины
Сарала жетти такымдап.
Жан жүрбөстүн жерине
Кырк күнчүлүк чөл экен,
Билген элдин баарысы
Дызшанын чөлү дээр экен.
Ошо чөлгө келгенде,
Сарала жандап жетерде,
Мумакүлдүү сыр найза
Буудан Алма көк жалың
Коңурбайга көтөрдү.
Адис болгон Алма шер,
Кохар ээрдин кашы деп,
Табарсыктын башы деп,
Өлчөөлүү жердин тушу деп,
Өлөөр жериң ушу деп,
Кайрат кылар бели деп,
Калчанын өлөр кези деп,



Өрттөй көзү жайнады,
Болот учтуу найзаны
Болжогон жерге камдады,
Имере кармап туштады,
Хан Коңурбай баатырды
Күп дегизе муштады.
Алакең найза урганда
Ээринен арт кетти,
Үзөңгүдөн бут кетти,
Көзү кетти алактап,
Тизгининен кол кетти,
Мына ошондо Алмакең
Мурадына бир жетти.

## ЧУБАК
## СЫРГАК

Акбалтанын Чубагы
Арстандын бирөө бу дагы,
Ач айкырык, куу сүрөн,
Ала байрак жез найза,
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган.
Бузуку сөзгө көнбөгөн
Акылга дыйкан заары күч
Душманга моюн бербеген.
Көркөмү бөлөк, көзү тик,
Найзакердин ыктуусу,
Алышка балбан мыктуусу.
Айтылбайт кептин бекери,
Арыстан Манас жөкөрү.
Акыл бирге тилдеши,



Түптүү мазар чынары
Түгөнүшкөн жоо келсе,
Туу түбүнө турары.
Күлкүсү кумар жазары,
Эр Манастын азары,
Иш колунан келчүсү,
Акыл таап берчүсү.
Кечээ түнөрүп келген душманга,
Түзгүрүп найза сунганда,
Манжу, калмак биригип,
Эби жок согуш салганда.
Өйүз-бүйүз турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп.
Жаанын огу дыркырап
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кеме чаап оюшуп,
Кепини ушул болсун деп,

Кийми менен коюшуп,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшүп,
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү боо түшүп,
Кызыл кыргын чаң болуп,
Адамдын башы маң болуп,
Жер бузулуп козголуп,
Дүмөктүү жаңжал мол болуп,
Албан түрлүү жан болуп,
Эл эсебин алганда
Кырк эки сан кол болуп.
Ал аздыгы келгенсип,
Индостандан да келген,
Эл эсебин алганда,
Элди катка салганда,
Отуз санча кол калган.
Таң кашкайып сүрдү эле,
Жерге жарык тийгенде
Ошондо Манас кабылан
Каарланып камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Кабыландан күч чыгып,
Бетинен беш байпактык түк чыгып,
Баатырлык түрү кармады,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Качырата чайнады.
Ашып ташып көк жал шер
Ак келтесин октоду,
Кырк чоросун жоктоду.
Асыл Чубак шери жок,
Баарысынын баасы
Баатыр Чубак эрим жок,

Кырк чоронун кыраaны,
Кымбатым Чубак белим жок,
Калк айланбас зоом жок,
Каргылы кара тоом жок.
Астыма салсам ак жолтой,
Артымда жүрсө сан колдой,
Ата Чубак кайда деп,
Ажыдаардай оп тартып,
Калың элдин баарысын
Кырып ийе таштады.
Калк чуркурап чуу түшүп,
Калайман көрүп турганда,
Асмандан жылдыз быркырап,
Кыбыла көздөп чуркурап,
Таң сөгүлүп турганда
Кыйналбай кыргын салыптыр,
Жанынан көк жал тайыптыр,
Манжунун кырк төрөсүн
Эр Чубак байлап алыптыр.
Бел-белинен бүктөптүр,
Эскарасын баш кылып,
Ат-атына жүктөптүр.
Бөрү жүрбөс, бөтөн жол,
Бөтөн жол менен желиптир,
Кырк төрөсүн Манаска
Тартуу кылып келиптир.
Ал Чубакты көргөндө
Калайманды баштаптыр,
Кожоңдогон кожоңу
Жутуп ийе таштаптыр.
«Кожом десем жөнү жок,
Кожурап калат экенсиң.
Жок немени көп айтып,
Жобурап калат экенсиң.

Намазыңды өзүң ал,
Артыгым Чубак келатат,
Бейишиңди өзүң ал,
Береним Чубак келатат,
Баарысынын баасы
Баатырым Чубак келатат».
Көк жалың турду барбактап,
Кожону тилдеп дардактап.

* * *

Кара болот кыргагы,
Айкөл Манас Сыргагы,
Ааламга жетет чамасы,
Артыктыгын карачы,
Манас менен эр Сыргак
Ага-ининин баласы.
Душманга күчтүү кырааны,
Жыйырма бирде убагы,
Жекейге белин курчаган,
Талоочуга кол салган,
Сыргактын сынын сурасаң,
Туурасы жоон, бою пас,
Тулку бою кара таш,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадырек,
Калмакка салган чоң дүрмөк,
Бет алып найза сунганда,
Эчен алп дөө кыйраган,
Кара кайсар, Шыпшайдар,
Караанынан ыйлаган.
Бөрү көз кан бөлүнгөн,
Коңурбайдын көзүнө
Желмогуз сындуу көрүнгөн.
Басканынан чаң чыккан,



Каарынан жан чыккан,
Кечээ эр Коңурбай калчаңыз
Сарала менен Алманды
Жипсиз байлап алганда,
Бурулуп адам кутулгус
Буйга салып алганда,
Каарланып кан Коңур
Жолго салып калганда,
Ошону көрүп эр Сыргак
Кайгырып кейий баштады;
Кайран жанды Сыргагың
Кылга байлап таштады.
Алакемден айрылып,
Токол болуп кетемби,
Жал-куйруктан айрылып,
Сопол болуп кетемби?
Күрдөөлү кыргыз мураа журт
Аңгеме кепти кураса,
Алекең кайда кетти деп,
Бакай, Кошой сураса,
Капкараңгы түн түшүп,
Кандайча жооп айтамын?
Өлбөй аман жүргөндө
Не муразга жетейин,
Каардуу душман колуна
Караан кылган Алакем,
Кантип таштап кетейин,—
Деп ошентип эр Сыргак,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Астындагы Көкчебич
Жандап жетти Калчаны,
Берен Калча ушул деп,
Чыканактын быягы,



Өпкөсүнүн тушу деп,
Берен Сыргак кабылан
Белгилүү жерди туштады,
Күп дегизе Калчаны
Капталдан нары муштады,
Жер айрылып дүркүрөп,
Ала салып эр Калча
Алкаранын үстүнөн
Кулап кетти дүркүрөп...

## КОҢУРБАЙ

Кытайдын ханы Коңурбай
Таш сыйынган кытайдын
Тазасынын өзү ошол.
Күрмө кийген баатырдын
Күчтүүсүнүн бири ошол,
Алтымыш уулдун кенжеси
Алоокенин эркеси
Бузулбаган кытайдын
Темир түркүк чатыры,
Толуп өткөн жагына
Тоо туруштук береби?
Кыймылдаган жактарын
Кыйшайтып адам жеңеби.
Айзага даңгыл ыктуу уул,
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыкты уул,
Көк күбөнү жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Көрсөң Калча момундай:
Себилдүү тону сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт,



Толкуп өткөн жагына
Тоо туруштук бергисиз,
Кытайлардан коң төрө
Кылымдан ашкан зор төрө,
Айбаты артык, заары күч,
Катылышкан жан болсо,
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Келберсинген көйкашка,
Сүрү жандан бир башка,
Көк көбөнү жамынган,
Көрсөң түрү Коңурбай,
Көк жолборстой чамынган,
Каухардан топчу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөр сындуу шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап,
Чоң өтүгү чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп,
Темингиси телпилдеп.

Чөккөн нардай кара чач,
Далысында селкилдеп,
Көзү көлдүн ордундай,
Көркөмү бийик заары күч,
Көрүнгөндү соргудай,
Мурутунун бир кылы
Майлуу балта сабындай,
Мурунунун чоңдугу
Оролмо тоонун кабындай,
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшойт,
Маңдай жагын карасаң,
Бай жайлаган төргө окшойт.
Өзү калча, өңү суук,
Зың-зың этип кенебейт,
Өзүнөн бөлөк адамды
Жан ордуна теңебейт,
Алышчу болсоң жоо ушул,
Коңурбай деген дөө ушул.

## КОШОЙ • ЖОЛОЙ

Калк атасы карыя
Кайран Кошой олуя,
Батасы элди маарыткан,
Тиктегенди жарыткан,
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Алайган көзү Чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Бурулуп чыккан муруту



Өтөккө чыккан чалкандай.
Эки ийнине дардайып
Төрт-төрттөн балбан конгондой,
Ай ааламды соргондой,
Эки далы ортосу
Кой жайылган талаадай,
Эки көздүн кычыгы
Ачып алган ороодой,
Эки мурун таноосу
Капчыгай тоонун бородой,
Сексен бешке келгенде
Эр Жолойго кол салган,
Баскан жери аң болгон,
Кармашкан жери чаң болгон,
Чамасы чарчап эр Жолой
Аңгекке буту тыгылган,
Дегей чалып эр Кошой
Үстүнө баса жыгылган,
Жолойду Кошой жыкты деп,

Ааламга даңкы угулган.
Ошентип баатырдыгы билинген,
Бээжиндин Эсен ханынын
Даңзасына чийилген.

* * *

Калмактардын кан Жолой,
Күнжүк суусун бойлогон,
Күндө кумар ойногон,
Күрсүлдөгөн эр Жолой,
Жети жыл талбай жол жүрүп,
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган эр Жолой,
Жетимиш балбан өлтүрүп,
Кан жыттанган эр Жолой,
Жолойду көрсөң жолобо,
Туурасы жоон, бою пас,
Тулку бою кара таш,
Көрктүү балбан эр Жолой,
Өткөрө жайчы жадыгай,
Ары балбан, ары зор,
Каарды катуу баштаган,
Калмак элге чор салган,
Каяшаяк бергенди
Каң дегизе бир салган,
Ачуусу келсе күң кылган,
Көргөнүн каран түн кылган,
Канча бузук баштаган
Бет алганын буй кылып,
Кыргын кылып таштаган.





# АЖЫБАЙ
# •
# КЫРГЫЛ ЧАЛ

Аргын кандын Ажыбай
Кара тилин кайраган,
Калк алдында сайраган,
Калысынан жанбаган,
Туура сөздү эл көргөн,
Калыстыгын эп көргөн,
Жетимиш түрлүү тил билген,
Ар кеп салса чайкаган,
Адамдын түрүн байкаган.
Бузук сөзгө барбаган,
Так келтирип ар кимдин
Өзүнүн тилин кармаган,
Үзүлгөндү улаган,
Мураа болуп Манаска,
Кырк чоронун баарысын



Ошол Ажыбай абаң жыйнаган.
Капыядан сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Эркечтей элди баштаган,
Эселек душман кол салса,
Эсебин таап таштаган,
Ажыбай, Бакай акылман,
Айласын таап душмандын
Күлүн көккө сапырган.
Кан төгүлгөн салышта
Эрлер өлгөн кагышта,
Эсебин таап душмандын
Жарап берген намыска...

* * *

Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыйла көпкөн дыңгыл чал,
Кырк чоронун улугу,
Кылымга жакпайт кылыгы,
Мунун кыялынын бузугу.
Бул ар качандан бир качан,
Бузук сөзүн ойлогон,
Буттайын бузуп ийсе да,
Буудан Манас кабылан
Бузду экен деп койбогон.
Эки сөздүү, миң тилдүү,
Жай жүргөнгө кубанган,
Эки досту жоо кылып,
Ушинтип чаңын чыгарган,
Кыргыл чалдын айынан
Душмандашып урушкан,
Алманбет менен Чубагы,
Кыргыл чалды сураба,
Бузук башын тоо кылган,

Эрди-катын экөөнү
Артык душман, жоо кылган,
Кыргыл деген аты бар,
Кырк чоронун улугу,
Пендесине бербесин,
Кыргыл чалдын кылыгы,
Баскан жери аң болгон,
Жүргөнү туман чаң болгон,
Бүтүлүүнү бүлдүргөн,
Көп душманды күлдүргөн,
Кыргыл чал түрү ушундай.

## ЭР ТӨШТҮК

## КӨКЧӨ

Тогуз уулдун кенжеси,
Темир түркүк чатыры,
Эр сырттаны эр Төштүк,
Жаралган алптын баатыры,
Чалкуйрук минип ээликкен,
Сыйкырчыга кезиккен,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Чайнарына чок таппай,
Бузарына топ таппай,
Жер алдына түшкөнү,
Жети жылдай болду эле,
Жер үстүнө чыкканы,
Жети күнгө толду эле.
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык,
Чама чарчап ал кеткен,



Жер алдынан заар өткөн,
Болоттой сөөк бөксөргөн,
Балбан тандап калганда,
Балбанга түш деп Төштүктү
Айкөл Манас Баатырың
Барып кармап алганда.
Сырын айтып сыздаган,
Кара кушка сан этин
Бергенин айтып сыздаган.
Бул укмуштуу жорукту
Тири жан такыр укпаган...

* * *

Айдаркан уулу эр Көкчө
Сары арканы жердеген,
Салышып душман жеңбеген,
Бетегелүү белде өскөн,
Берекелүү жерде өскөн,
Найза алып бойлогон,
Айбалта чаап ойногон,



Таруусун таштай актаган,
Аялын кыздай мактаган,
Көк ала сындуу ат минген,
Көк рапыс тон кийинген,
Күткөн малы кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Ар бууданы ар башка,
Бул Айдаркан уулу көй кашка,
Кийгени киш-миш түлкү бөрк,
Бу да кан аталган кара көк.
Сары арканы бойлогон
Калмактын каны Одуган
Эр Көкчөдөн сойлогон,
Көкчөнүн жөнү момундай,
Тай этине тойбогон,
Сабага кымыз куйдурган,
Адырга жылкы жыйдырган,
Жигитке күлүк мингизген,
Сандатып аскер жүргүзгөн,
Бу да эрдигин элге билгизген,
Эр Көкчө деп атанган,
Айтылат кептин тазасы,
Бу айкөл Манас бажасы.

## СЕМЕТЕЙ

Ак калпак элге бел болуп,
Атасы Манас айкөлдөн
Артыгыраак эр болуп,
Кең жайык төш, зор кабак,
Семетей түрүн байкап бак:
Көркөмү бөлөк көзү тик,
Көп адамдан сөзү тик,



Кабагы бөлөк, заары күч,
Кең көкүрөк, зор көөдөн,
Атасын тарткан эр Семең
Бет алып пенде көрбөгөн,
Беттеп душман келбеген,
Атадан тууган кайран эр,
Ак марал кууп, уй кылган,
Алыша кетип душманды
Айдап жүрүп буй кылган,
Колдорун адам колдогон,
Ар кылганын оңдогон...
Кечөө Манас өлгөндө
Кара хандын шаарына
Качып барып чоңойгон,
Темиркандын шаарына
Тентип кирип зор болгон,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Жетим жүрүп жетилип,
Элге эптеп кошулган,

Узун бойлуу, кең далы,
Атасы айкөл Манастан
Артык туулган экен деп,
Ар дөөлөр көрүп таң калган.
Он эки жашка келгенде
Адам таппас ой кылып,
Калың эл жыйып той кылып,
Тоюна толгон мал сайып,
Букардан чыгып Ак балбан,
Кокондон чыгып Төө балбан,
Эки балбан кармашып,
Жыгылып калган Ак балбан,
Мына ошондо Семетей
Чыдай албай от болду,
Күйүп-жанып чок болду,
Сыздап жини кайнады,
Эл намысы кеткиче,
Туулбай түнө чөгөйүн,
Бүгүн өлүп кетсем да,
Атаңдын көрү Төө балбан
Мен күрөшүп көрөйүн,
Жыгып алсам балбанды
Мөрөйүмдү алайын,
Жыгылып калсам балбандан
Букарга кан көтөрүп алайын.
Муну айтып Семетей
Тизеси жерге бүгүлүп,
Төө балбан көздөп жүгүрүп,
Көргөн адам баарысы,
Жашы менен карысы,
Ал балбандан түңүлүп,
Он экиде балбанды
Оруп иер бекен деп,
Ажыдаардай оп тартып,



Соруп иер бекен деп,
Он үчкө жашы жете элек,
Эне сүтү эмгиче
Таңдайынан кете элек,
Эл чуркурап муну ойлоп,
Каарланып Семетей
Төө балбанга муну айтып:
Аста мойнуң бура тур,
Экөөбүз күрөш кылалы,
Мени жыгып сен алсаң,
Сайдым алтын тагымды,
Сен саясыңбы жаныңды?
Муну укканда Төө балбан,
Жыгып алып, көөп алган,
Баланы баса койчудай,
Барбаңдады Төө балбан,
Бу бачагар баланын
Боорун ташка чабайын,
Он экиде жетимдин
Өпкөсүн суурун алайын,
Көрүп тургун дүмөгүн,
Төө балбанга Семетей
Тозо берди билегин,
Билектен балбан алды эле,
Артык күчкө салды эле,
Кыймылдабай кылт этпей,
Бар жеринен былк этпей
Төө балбандан Семетей,
Сууруп алды билегин!
Борс-борс этип күүлөнүп,
Төө балбан тосту билегин.
Бала кармай калды эле,
Төө балбаның билегин
Жуламын деп жула албай,

Жумурандайт Төө балбан,
Билегин суурup ала албай,
Тыбырандайт Төө балбан,
Күчкө салып кармаса,
Төө балбан кетти жорголоп,
Беш колунун башынан
Бээ саагандай кара кан
Сийип турду шорголоп,
Эзе кармап жиберсе,
Сөөгүнө манжа жетти эми,
Чирип калган куурайдай,
Кармашына чыдабай,
Быт-чыт болуп кетти эми,
Эл намысын кетирбей,
Эсебин минтип тапты эми,
Тоодой болгон балбанды
Көтөрүп жерге чапты эми,
Жазайылды мүшкүлдү,
Көрбөй калган экен деп,
Айкөл Манас, кабылан,
Өлбөй калган экен деп,
Эл чуркурап таң калды,
Он экиде шер болду.
Атасын тартып Семетей
Эл колдогон эр болду.

## КҮЛЧОРО
## ●
## КАНЧОРО

Курсакта калган Күлчоро,
Шай колдогон эр Чоро.
Найзага балбан, эң ыктуу,



Акылга дыйкан эң мыктуу,
Өткөрө эрдик кармаса,
Өөдө-төмөн карабайт,
Өлөмүн деп санабайт,
Күлчоро жайы бу болгон,
Бет алган жагы чуу болгон,
Айгайлаган дуу болсо,
Асман жарган чуу болсо,
Аралап жеке кол салган,
Келтирбей доога жоо салган,
Кап тоосундай бел болгон,
Эр Семетей баатырга
Душман ашпас бел болгон,
Айбатына келе алгыс,
Алышып душман жеңе алгыс,
Секиси сексен төрт болуп,
Серп алган жагы өрт болгон,
Менменсиген душмандын
Нечени келип мерт болгон...
Калчап алып ойногон,



Кагышкан душман сойлогон,
Көркөмү аска тоо болгон,
Ок өтпөс темир курчанган,
Топтоп келген душмандын
Тобун бузуп кол салган,
Кармашып жүрүп катыккан,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Калайыктын баарына
Кабылан деп атыккан.

* * *

Чубактын уулу Канчоро,
Эр экен дейт эл муну,
Жүргөн жери ызы-чуу,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Ойлогону чоң дүмөк,
Ар качандан бир качан
Эр Семетей көк жалга,
Кара ниет каарман,
Бузук кебин ойлогон.
Буттайын бузуп ийсе да,
Буудан эрен Семетей,
Бузду экен деп койбогон,
Тили чечен, ичи арам,
Ойлой берет санааны,
Басканынын баары арам,
Ойлой берет балааны,
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Кара ниет Канчоро
Каныкейдин эмчегин
Ээмп турган кезинде
Кара кочкул кан чыккан,
Каныкей жандан түңүлгөн,
Түбүндө жоо болор деп,
Аябай катуу күйүнгөн.

## ТОЛТОЙ
## ●
## ЧЫНКОЖО

Жедигердин Толтою
Чыңаган кызыл темирдей,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Билериктүү сур минген,
Кайыптай учкан кур минген.
Жедигердин эр Толтой
Акылман да, коркок да,
Уста дагы, чоркок да,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кылган иши тың Кожо,
Аябаган чыр Кожо,
Жадаал салып, чыр кылып,
Айчүрөктү алам деп,
Кыстаган экен Толтойду,
Акырын сүйлөйт, бек таштайт,
Ошондо Толтой кеп баштайт.
Кечээ Көкөтөйдүн ашында
Көп жыйындын кашында
Асманга учуп топурак,
Адам кайнап топурап,
Күн көрүнбөс эл болуп,
Асман ачык, жер бүркөө,
Жер үстүнө эл толуп,
Уруусу бөлөк эл кылып,
Жер селкинип, термелип,
Улуту калмак улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Күн көрүнбөй кир болуп,
Жер жүзү менен бир болуп,
Туурасы жоон, бою пас,



Тулку бою кара таш,
Жолойду көрүп жолобой,
Жолуккан адам кайра кач,
Акылынан шашканда,
Бүткүл дөөлөр буй түшүп,
Туш-тушту көздөй качканда,
Балбанга Жолой чыкканда,
Менин атам эр багыш
Торала жорго мингизип,
Жеткилең кийим кийгизип,
Ашка эрчитип жүргөн чак.
Секелек бар башымда,
Өзүм алты жашымда,
Ошондо көрдүм Манасты.
Ач айкырык, куу сүрөн
Калайманды салды эле,
Калмак каптап кетерде,
Түпкө чогуу жетерде,
Кара көк жал кабылан
Ошо кезде кыргызды

Ажыратып алды эле.
Ошентип жүргөн Манастын
Келинин кантип алабыз,
Кечпес күнөө чоң чырга,
Ошентип жүрүп калабыз.
Түгөнбөс түптүү кеби бар,
Акун ханга Манасың
Бел куда болгон жери бар,
Алты сан атты байлатып,
Ак боз аттын көкүлгө,
Алачыктай буланы
Көкүлүнө байлатып,
Ырым кылган жери бар,
Мунун түгөнбөгөн кеби бар.
Ошентип жүргөн адамдын
Келинин алып кетели
Жүргүн, Кожом, кетели,
Кылычты кынай таптайлы,
Кызыл баш журтун каптайлы.
Кызыл тору кыз алып,
А да болсо бир аял,
Атын Айчүрөк коюп мактайлы.
Азаптуу чырга катылбай,
Аманат жанды сактайлы,
Дүмөктүү чырга тийбейли,
Чоң жаңжалды билбейли,
Кысырлуу шерге катылып,
Кокустан кыргын болуп жүрбөйлү,
Кокустан тийсек Манаска,
Катылабыз азапка.
Билген кетет талаага,
Жолугабыз балаага.
Кежирленип кеп кылдың,
Кесирлүү Кожом экенсиң
Ушинтип жүрүп Толтойду

Өлтүрүп салар бекенсиң.
Уу ачытып күбүмө,
Ушинтип жүрүп Чынкожо
Жетесиң го түбүмө.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кылган иши тың Кожо,
Кылымды бузган чыр Кожо,
Ааламга жетет санаасы,
Айкөл Манас шер менен
Ага-ининин баласы.
Кара бедел тон кийген,
Канаттуу учкан ат минген,
Жадаал жини кармаса,
Бактарына суу буруп,
Бакчалатып салам деп,
Терегиңе суу буруп,
Термелетип салам деп,
Эгин-тегин айдатпай,
Элди жоого жайлатпайт,
Жазга маал болгондо,
Жалдуу байтал мингизбейт,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу жегизбейт,
Күндү бүркөп ай бузуп,
Журтка балаа салуучу,
Сары оору кылып адамды,
Сасык камал кылуучу,
Өрттөнүп кеткен Чынкожо,
Өз билгенин кылуучу.
Эпсиз жини кармаса,
Жерге тукум чачтырбайт,
Ээленсе эркин бастырбайт:
Жүргөнүнөн чаң чыгат,
Добушунан жан чыгат.





# СЕЙТЕК

Курсакка кетип туулган,
Тоюна токсон сойдуруп.
Атын Сейтек койдуруп,
Энекеси Айчүрөк
Колго түшүп кордукта,
Арканы жок байланып,
Ала-Тоо деп зарланып,
Айтса бүтпөс зордукта
Сейтек өсүп чоңоюп,

Күйгөн кызыл чок чыкты
Артык тентек шок чыкты.
Эл чуркурап дуу кылды,
Онго жашы келгенде
Түпкө чогуу жетет деп,
Атасынын кунун кууп,
Ушу турган Кыяздын
Койдой башын кесет го,
Коондой ичин жарат го,
Козголоң дүмөк салат го,
Бул эсил шердин тукуму,
Баатырсынган Кыяздын
Төбөсүнөн басат го,
Төрт түлүгүн чачат го,
Кектеген кегин алат го,
Кесири тийип кыяздын



Бир шумдукту салат го.
Чалгырты турат көзүндө,
Чалгайы турат өзүндө,
Чамасы келсе ошонуң

Чалганы жүрөт өзүңдү.
Кыңырты турат сөзүндө,
Кыйшыгы турат өзүндө,
Кыябын тапса ошонуң
Кылганы турат өзүңө.
Бадыраң темир курч болбойт,
Башка өскөн адам журт болбойт.
Кум чогулса таш болбойт,
Кутурган Сейтек баш болбойт.
Күчөөсүн көрсөң кызыл өрт,
Кызырканат балакет,
Айласы кетсе алуудa,
Айласын тапса Кыязга
Бир балакет салуудa,
Жүргөнүн желек тоо кылат,
Аман болсо Кыязга

Айыкпас дүмөк чуу кылат.
Буласын булап алат го,
Бу жедигердей таза элге
Бир балакет салат го.
Көркөмү бөлөк, көзү тик,
Кең көкүрөк, келбеттүү,
Эңгичей бойлуу, өзү зор,
Сыягы бөлөк заары күч,
Беттеп пенде келеби,
Беттешип киши жеңеби,
Сыягы бышык эр Сейтек
Табылгы чыккан колоттой,
Таптап койгон болоттой,
Эр Сейтек жайы ушундай,
Салып жүргөн кушундай...



## МАЗМУНУ

### БААТЫРЛАР


Манас . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Бакай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Алманбет . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Чубак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16
Сыргак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16
Коңурбай . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Кошой . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Жолой . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Ажыбай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Кыргыл чал . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Эр Төштүк . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Көкчө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Семетей . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 36
Күлчоро . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 41
Канчоро . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 41
Толтой . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Чынкожо . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Сейтек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 50